**Ош мамлекеттик университетинин дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окуу усулдук бирикмесинин 2023 жылдын 18 -апрелинде өткөн отурумдун № 8 протоколунан**

**Көчүрмө**

**Катышкандар**: О.У.Б. 21 мүчөсүнөн 20 мүчөсү,
дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин деканы,ОУБнун башчысы жана программа жетекчилери катышышты

**Күн тартиби:** Ар түрдүү маселелер

**УГУЛДУ:**

Жаңы 2023-2024 ж. окуу жылына карата, кредиттик окутуу системасында жаңы базистик окуу пландарын иштеп чыгуу жөнүндө.

**ДТМФ нын деканы Р.Сагындыкова:** Кредиттик окутуу системасында жаңы базистик окуу пландарын иштеп чыгуу боюнча нускама ОшМУнун окуу бөлуму тарабынан иштелип чыкты. Белгилей кете турган жери бул жалпы профессионалдык бөлүктөгү предметтердин көлөмү3-6 кредиттин айланасында болуусу.Ошондой эле предметтердин санын аныктап алсак.

**сөзгө чыкты:**

**Г.Аипова:**Профессионалдык бөлүктөгү предметтердин көлөмү- 6,ал эми жалпы билимдик бөлүктө 2-4 кредиттен ашпоосуна каршы эмеспиз.Бир семестрде окутула турган предметтин саны 6 дан көп болбоосуна кошулам.
**Г.Жээнбекова:** ГСЕ циклинын мамлекеттик компонентине киргизилип англис тилинде өтүлүүсүн камсыз кылалы.
Кредиттик окутуу системасында жаңы базистик окуу пландарын иштеп чыгуу боюнча нускаманы талкуулап, окуу усулдук бирикмеси төмөндөгүдөй чечим кабыл алды:
**ДОБУШ БЕРИЛДИ:** "макул"-баары, "каршы, калыс"-жок.

**ЧЕЧИМ**:

1. 1-семестрге 30 кредит берилет жана предметтердин саны 6дан (алтыдан) ашпоосун сунушташты;
2. Предметтердин кредитинин көлөмү 3-6 чейин болуусун тандашты;
3. “Кыргыз тарыхы” жана “Кыргыз географиясы”предметтери ГСЕ циклынын мамлекеттик компонентине киргизилип англис тилинде өтүлсүн.

ДТМФнын деканы: Сагындыкова Р.Ж.

УБнын жетекчиси: Жээнбекова Г.Т.